**2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-майына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтунда (мурунку Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институту) бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 22-июлундагы №06-1/501 буйругуна ылайык, аудитор П.С. Батировдун жетекчилиги алдында башкы мамлекеттик инспектор Г.Дж. Ашимова, мамлекеттик инспектор Б.Э. Искитов тарабынан 2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-майына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтунда (мурунку Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институту) бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

*Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги ПЖ № 94 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институту жөнүндө" Жарлыгы менен, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтун жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтун бириктирүү жолу менен кайра уюштурулуп, алардын базасында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институту түзүлгөн.*

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтунун жетекчилиги мамлекеттик бюджеттин жана атайын эсептин каражаттарынын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институтунун ишмердиги мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аудитор жана

аудитордук топ аудитордук жол-жоболорду кырдаалга ылайыктуу деп эсептейт жана алынган аудитордук далилдер бул отчётто баяндалган корутундуларды негиздөө үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча сунуштамалардын аткарылышы;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- атайын эсептин каражаттарынын киреше жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит;
- кассалык, казыналык операцияларга аудит;
- эмгек акы төлөмдөрүнө аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча лимиттердин сакталышына аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын анализи;
- мамлекеттик сатып алууларга аудит;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулугунун жүргүзүлүшүнүн абалын баалоо.

**Аудиттин критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институту тарабынан каралган негизги иш-чаралардын аткарылышына жана максаттарына жетишүү пландары;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2017-жылдагы №131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларынын жана муниципалдык кызматкерлеринин эмгегине жана эмгек акы төлөө шарттарына баа берүү жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдору;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.06.2018-жылдагы №281 токтому менен бекитилген “КР чарбакер субьекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү жөнүндө” тартиби;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 03.04.2015-жылдагы №72 жана 14.04.2022-жылдагы №27 мыйзамдары;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо”; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо”; Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобо”.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту боюнча:

- *биринчи кол коюу укугу менен*: директордун милдетин убактылуу аткаруучу Э.К. Чечейбаев 2020-жылдын 30-декабрынан 2021-жылдын 22-мартына чейин, директор У.Т. Ахметов 2021-жылдын 23-мартынан 2021-

жылдын 3-ноябрына чейин, Р.Э. Асизбаев 2021-жылдын 4-ноябрынан 2022-жылдын 22-августуна чейин, Азиз Канатбек 2022-жылдын 23-августунан 2024-жылдын 4-февралына чейин жана С.Т. Муканбетов 2024-жылдын 5-февралынан баштап ушул кезге чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* финансы менеджер-бухгалтер К.М. Абдиева бүтүндөй аудит мезгилине карата.

Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институту боюнча:

- *биринчи кол коюу укугу менен:* директор А.Н. Исанов 2019-жылдын 19-октябрынан 2021-жылдын 13-октябрына чейин; Жарасул уулу Элдияр 2022-жылдын 8-февралынан 2023-жылдын 23-июнуна чейин; С.К Султаналиев 2023-жылдын 13-июлунан 2023-жылдын 4-октябрына чейин; С.Т. Муканбетов 2023-жылдын 9-октябрынан 2023-жылдын 25-декабрына чейин жана 2023-жылдын 25-декабрынан тартып 2024-жылдын 1-майына чейин убактылуу директордун милдетин аткаруучу болуп институттун директорунун орун басары Д. Дуйшенкул кызы аткарган.

- *экинчи кол коюу укугу менен:* башкы эсепчи А.Ш. Базарбаева 2021-жылдын 17-августунан 2022-жылдын 9-февралына чейин; Максат кызы Б. 2022-жылдын 9-февралынан тартып 2024-жылдын 1-майына чейин.

**Аткарылган иштердин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудит Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институту тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

Аудит өзүнө корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболордун аткарылышын камтыйт. Аудит алынган аудитордук далилдер, бул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштамалар үчүн тийиштүү негиздемени камсыздоо үчүн жетиштүү деп эсептейт.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчиликти документтерди берген кызмат адамдары жана аткаруучу адамдар тартат.

Документ жүгүртүүнүн көлөмдүүлүгүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунда жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтунда төмөндө баяндалган айрым жагдайларды

кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча сунуштамалардын аткарылышы**

Мурунку 2018-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунда бюджеттин аткарылышына натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтуна 27.07.2021-жылдагы № 01-23/142 5 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн. Сунуштаманын бардык пункттары аткарылган;
- Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине 27.07.2021-жылдагы №01-23/141 1 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн. Сунуштама аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтунда ачылган күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан аудит жүргүзүлгөн эмес.

**Аудит жүргүзүлүүчү субъектинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 12-августундагы ПЖ № 282 Жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту" мекемеси "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту" мекемеси болуп кайра аталган.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунун (мындан ары – СИУИ) Уставы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 12-августундагы ПЖ № 282 Жарлыгы менен бекитилген.

*Институттун милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:*

- Кыргыз Республикасынын Президентинин ишин илимий-изилдөө жана эксперттик-аналитикалык жактан камсыз кылуу;
- коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү стратегиялык артыкчылыктарды талдоо жана баалоо;
- коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын түзүүгө экспертиза жүргүзүү.

*Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу максатында Институт төмөнкүдөй функцияларды аткарат:*

- жалпы мамлекеттик стратегиялардын жана өнүктүрүү программаларынын долбоорун иштеп чыгуу процессине катышат;
- коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү актуалдуу көйгөйлөр боюнча ыкчам экспресс-талдоо жүргүзөт;

- изилдөөчүлүк, эксперттик жана аналитикалык иштерди жүргүзүүнү уюштурат;

- коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү стратегиялык аспекттер боюнча эксперттердин жана консультанттардын изилдөөлөрүнүн жана аналитикалык иштеринин маалыматтар базасын топтойт жана түзөт ж.б.

Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтунун (мындан ары – ЭСИИ) экономикалык жана социалдык процесстерге илимий-изилдөө жана эмпирикалык талдоо, экономиканын секторлорундагы мамлекеттик жөнгө салуу саясатына жана реформаларга талдоо жүргүзүү максатында түзүлгөн. Экономика тармактарын өнүктүрүү программаларынын долбоорлоруна сунуштарды иштеп чыгууга катышат, анын ичинде юридикалык жана жеке жактар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан даярдалган экономика чөйрөсүндөгү концепциялардын, программалардын жана пландардын долбоорлору боюнча аналитикалык ишти жүргүзөт.

## 2020-2023 - жылдарга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун иш планынын аткарылышы

**2021-жылы** СИУИ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экономика, саясат, коопсуздук жана мамлекеттик башкаруу жаатындагы ишине илимий, аналитикалык, маалыматтык жана тренингдик колдоо көрсөттү. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын жогорку бийлик органдарынын алдындагы жалгыз ушундай мекеме бойдон калууда жана 2021-жылы өз ишмердүүлүгүн өлкөнүн Премьер-министринин түздөн-түз жетекчилиги астында жүргүзгөн. СИУИде 18 илимий кызматкер, үч жетекчи иштеген.

СИУИнин иши негизинен өлкөлүк мүнөзгө ээ болгон, мисалы, стратегиялык документтерди, атап айтканда, мамлекеттик стратегиялык башкарууну демилгелөө, иштеп чыгуу жана бекитүү тартиби темасында, ошондой эле мамлекеттик башкаруу системасына санариптештирүүнү киргизүү зарылдыгы жөнүндө маселе, ошондой эле Кыргыз Республикасында "маалыматтарга негизделген башкаруу" демилгесин киргизүү зарылдыгы, мамлекеттик башкаруу системасын оптималдаштыруу маселелери, саламаттык сактоо системасындагы көйгөйлөр жана кемчиликтер, пенсиялык реформага карата сунуштар жана башка актуалдуу маселелер иштелип чыккан.

Ай сайынкы буйруктардын негизинде, СИУИнин бардык курамына ай сайынкы үстөк акы эсептелген, ал боюнча буйруктар формалдуу мүнөзгө ээ.

**2022-жылы** СИУИде 18 илимий кызматкер эксперттик-аналитикалык иш жүргүзгөн, алар 2022-жылы төмөнкү блокторго бөлүштүрүлгөн: "коопсуздук", "экономика", "социалдык", "тышкы саясат", "мамлекеттик башкаруу системасы". 2022-жылы СИУИ тарабынан 6 изилдөө жүргүзүлүп, жогорку жетекчиликке жана инстанцияга 57 аналитикалык материалдар жана 19

маалыматтык каттар даярдалган. СИУИнин аянтчасында Кыргызстандын аймагында аккредиттелген эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен 19 жумушчу жолугушуу жана 18 Тегерек стол өткөрүлдү, 41 эл аралык конференцияларга, тренингдерге жана семинарларга катышты. Медиа-мейкиндикте (СИУИнин расмий сайты) 40 макала жана аналитикалык материалдар, Кыргызстандын Президентинин Жарлыктарына 12 комментарий, 65 аналитикалык сереп жарыяланган. 12 аналитикалык телекөрсөтүү жана радио программаларына катышты. Жалпысынан СИУИ тарабынан 2022-жылга карата төмөнкү блоктор боюнча изилдөө, аналитикалык жана маалыматтык каттар түрүндө ар кандай иштер даярдалган: коопсуздук, экономика, тышкы саясат жана социалдык. Негизги иштер катары суу - энергетикалык коопсуздук, азык-түлүк коопсуздугу, Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал, Кыргыз Республикасындагы заманбап эмгек рыногу, инвестициялык климаттын абалы, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясын реформалоо боюнча сунуш, 2022-жылга кризиске каршы чаралар боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана башка өлкөлүк деңгээлдеги маселелерди белгилөөгө болот. 2022-жылы аткарылган иштер жөнүндө отчет Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын дарегине жөнөтүлгөн.

**2023-жылы** 18 илимий кызматкер эксперттик-аналитикалык иш жүргүзүштү, алар 2023-жылы төмөнкү багыттар боюнча бөлүштүрүлгөн: "тышкы саясий изилдөөлөр борбору", "аймактык коркунучтарды изилдөө жана коопсуздук борбору", "укуктук жана саясий изилдөөлөр борбору", "экономикалык изилдөөлөр борбору", "социалдык саясатты изилдөө борбору", "улуттук долбоорлорду изилдөө жана мониторинг борбору". Отчеттук мезгилде СИУИ тарабынан жогорку жетекчиликке жана инстанцияга 31 аналитикалык материал жана 60 маалыматтык кат даярдалган. СИУИ эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен 28 жумушчу жолугушууларды жана 17 тегерек столду өткөрдү, 53 эл аралык конференцияларга, тренингдерге жана семинарларга катышты. Медиа-мейкиндикте (СИУИнин расмий сайты жана башка медиа ресурстар) 25 макала жана аналитикалык материалдар жарыяланган, өлкө жетекчилигинин катышуусу менен 16 иш-чараны медиа коштоо ишке ашырылган. 40 аналитикалык теле жана радио программага катышкан. Тышкы саясатты изилдөө борбору иш-чараларды жана аларга маалыматтык каттарды уюштурган.

СИУИнин иши Кыргыз Республикасынын Президентинин ишин илимий-изилдөө жана эксперттик-талдоо жагынан камсыз кылууну даярдоо, коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү стратегиялык артыкчылыктарды талдоо жана баалоо болуп саналат.

Ишти аткаруу негизинен гибриддик согуштарга жана Кыргызстандын улуттук коопсуздугу боюнча тобокелдиктерге багытталган, ошондой эле Япониянын мисалында, табигый кырсыктарды башкаруу жана ага даярдык маселелери боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы, SWIFT альтернативасы,

мамлекеттик сыйлыктар чөйрөсүндөгү бирдиктүү саясат, мегаполистерде автомобиль кыймылын жеңилдетүү системаларын колдонуу практикасы, 2021-2026-жылдарга инсанды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбия концепциясын ишке ашыруунун алкагында руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо программаларын талдоо, социалдык кепилдиктер, Кыргызстанда электромобилдер рыногун өнүктүрүү келечеги, Кыргыз Республикасында энергиянын кайра жаралуучу булактары, ШКУ регионунда энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана башка суроолор.

2023-жылы аткарылган иштер жөнүндө отчет Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын дарегине жөнөтүлгөн.

**2024-жылы** алгач СИУИнин иши мурдагыдай эле коопсуздук, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат маселелерине багытталган.

Өлкөдөгү экономикалык кырдаал жана Кыргыз Республикасынын дүйнөдөгү абалы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жетекчилигинин ишин илимий-изилдөө жана эксперттик-талдоо жагынан камсыз кылуу, экономикалык жана социалдык процесстерге илимий-изилдөө жана эмпирикалык талдоо жүргүзүү, мамлекеттик жөнгө салуу саясатын жана реформаларды талдоо, коопсуздукту камсыз кылуу, мамлекеттик башкаруу, тышкы жана ички саясат чөйрөсүндөгү стратегиялык артыкчылыктарды талдоо жана баалоо анын милдеттери болуп саналат.

**Аныкталды/Корутунду:**

- СИУИде 2021-2024-жылдарга иш планынын аткарылышы боюнча жыйынтык маалымат жок жана иш планынын жалпы жана ар бир кызматкер боюнча аткарылышына мониторинг жүргүзүлбөйт.

- Илимий кызматкерлердин отчетторунда коюлган маселелер боюнча ар бир кызматкердин иш планын аткаруусу боюнча маалыматтар жок, негизинен кызматкерлердин иштери учурдагы мүнөздө болгон. Мындан тышкары, СИУИ иш планынын аткарылышына мониторинг жүргүзбөйт, СИУИнин кызматкерлерине карата тапшырылган изилдөөлөрдүн аткарылышынын жүрүшүнө талдоо жүргүзүлбөйт;

- ошол эле учурда институттун кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун баалоодо, директор жеке үстөктүн өлчөмүн өзү аныктаган, бул ишти баалоо боюнча комиссиянын курамы жөнүндө буйруктун, кызматкерлердин отчеттору, кызматкердин жүктөмү жөнүндө, эмгектик жана аткаруучулук ишмердүүлүк, ведомстволор аралык жумушчу топторго тартылгандыгы, ошондой эле демилгелүүлүк жана креативдүүлүк боюнча маалыматтын жоктугун күбөлөндүрөт;

- СИУИ (изилдөөлөр) ошондой эле методологиялык мамиле болгон эмес, тигил, же бул изилдөө кандай жүргүзүлүүгө тийиш экендигин талдоо, ошондой эле изилдөөлөрдүн натыйжаларын, алардын натыйжалуулугун жана өндүрүмдүүлүгүн баалоону болжолдоо болгон эмес.

- СИУИ тарабынан сунушталган изилдөөлөр иш жүзүндө натыйжасыз болуп, колдонулбай жана ишке ашпай калган.

- СИУИнин пландарында келечекте өлкөнү өнүктүрүү боюнча кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү, узак мөөнөттүү стратегияны ишке ашыруу аныкталбастан, тандоо жана негиздүүлүк системасы орун алган эмес.

- Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, СИУИ (изилдөөлөрдүн) ролун жана ордун жаңыртуунун объективдүү зарылдыгы келип чыккан.

**Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтунун 2021-2023-жылдарга карата иш планынын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөө институту 2021-2023-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана башка министрликтер менен ведомстволорго ар түрдүү тематикалар боюнча аналитикалык материалдарды кароого киргизди.

**2021-жылы** макроэкономика, бюджет, тармактар боюнча, акча-кредит/акча-кредит саясаты, социалдык саясат, экономиканы өнүктүрүүнүн драйверлери тематикалары боюнча аналитикалык материалдар даярдалган.

Кластердик ыкманын негизинде 97 долбоордук сунуштар, анын ичинде инфраструктуралык кластер, электр транспорттук кластер, агроөнөр жай кластери, энергетикалык көмүр кластери, курулуш материалдар кластери жана башка категориялар даярдалган. Маалыматтардын алдын ала эсептөөлөрү менен 40-ка жакын презентация, 20 долбоордук сунуштар даярдалган.

**2022 - жылы** төмөнкү темалар боюнча аналитикалык материалдар (125-аналитикалык каттар) даярдалган:

1. Макроэкономика (ИДП, ИДПнын өсүү темпи, жумушсуздуктун деңгээли, инфляциянын деңгээли, таза экспорттун көлөмү);
2. Бюджет (бюджеттин кирешелери/чыгашалары, консолидацияланган бюджет (МБК, МСК, ММКФ/СФ, салыктык эмес кирешелер) гранттар, салыктар, мамлекеттик карыз);
3. Тармактар боюнча (энергетика, транспорт/жолдор, айыл чарба, жеңил өнөр жайы, тамак аш өнөр жайы, кен казып алуу өнөр жайы);
4. Акча-кредит / валюта саясаты (экономиканы монетизациялоо, алтын-валюта резервдери, кредиттик портфелдер, валюталардын курсу);
5. Социалдык саясат (миграция, демография, билим берүү, саламаттык сактоо);
6. Экономиканы өнүктүрүүнүн драйверлери (санариптик экономика, жашыл экономика, креативдүү экономика, дени сак экономика, гендердик экономика, ТӨМ платформасы, электрондук коммерция, интеграциялык бирикмелер).

**7 долбоор боюнча сунуштар даярдалган:**

1. «2022 аялдардын ишкердик ЭКСПО» көргөзмөсүнүн тең уюштуруучусу;
2. Биринчи гендердик облигацияларды чыгаруу долбоору боюнча өнөктөш;

3. Учурдагы кырдаалды жана сууну сарамжалдуу пайдаланууну жана энергиянын кайра жаралуучу булактарын (ЭКБ) өнүктүрүүнү колдоо механизмдерин талдоо;

4. Каржылоо инструменттеринин жана инвестициялык өз ара аракеттенүүнүн исламдык платформасы (кызыкдар тараптар КР Финансы министрлиги жана Улуттук банкы);

5. Инвестициялык долбоорлордун, изилдөөлөрдүн, иштеп чыгуулардын жана сунуштардын электрондук маалымат базасы;

6. “Cash Back” программасы боюнча маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана техникалык коштоо (кызыкдар тараптар КР Улуттук банкы, Экономика жана коммерция министрлиги, Финансы министрлиги ж.б.);

7. “Кыргыз салык жумалыгы” долбооруна карата салыктык башкаруунун жол-жоболорун жана салык мыйзамдарын жөнөкөйлөтүү боюнча маалымат (кызыкдар тараптар: КР Финасы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Экономика жана коммерция министрлиги, Салык консультанттарынын палатасы, эксперттер ж.б.)

Пландагы 19 иш-чаранын ичинен 16 иш-чара аткарылган. 1 иш-чара жарым-жартылай аткарылган (учурдагы кырдаалды жана талап кылынган адистиктерге жаштардын иш менен камсыз болушун колдоо механизмдерин талдоо, кийинки жылы ишти улантууга байланыштуу). 2 иш-чара аткарылган эмес:

1. “Жаңы муун стандарттары” Концепциясы;

2. Фермерлерге жеткиликтүү болгон, ички рынок үчүн органикалык сертификациялоо тутумун киргизүү жооптуу кызматкердин иштен бошотулушуна байланыштуу жана материалдар кызматкер тарабынан түздөн-түз жетекчиликке жөнөтүлгөн.

**2023-жылы** төмөнкү темалар боюнча аналитикалык материалдар (162-аналитикалык каттар) даярдалган:

1. Макроэкономика (ИДП, ИДПнын өсүү темпи, жумушсуздуктун деңгээли, инфляциянын деңгээли, таза экспорттун көлөмү);

2. Бюджет (бюджеттин кирешелери/чыгашалары, консолидацияланган бюджет (МБК, МСК, ММКФ/СФ, салыктык эмес кирешелер), гранттар, салыктар, мамлекеттик карыз);

3. Тармактар боюнча (энергетика, транспорт/жолдор, айыл чарба, жеңил өнөр жайы, тамак аш өнөр жайы, кен казып алуу өнөр жайы);

4. Акча-кредит / валюта саясаты (экономиканы монетизациялоо, алтын-валюта резервдери, кредиттик портфелдер, валюталардын курсу);

5. Социалдык саясат (миграция, демография, билим берүү, саламаттыкты сактоо);

6. Экономиканы өнүктүрүүнүн драйверлери (санариптик экономика, жашыл экономика, креативдүү экономика, дени сак экономика, гендердик экономика, ТӨМ платформасы, Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүү

максаттарын (ТӨМ) ишке ашыруу боюнча Координациялык комиссиянын катчылыгы, Электрондук коммерция, интеграциялык бирикмелер).

**6 долбоор боюнча сунуштар даярдалган:**

1. “Аялдардын Ишкердиги-2023” Көргөзмөсүнө аналитикалык материалдар;

2. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү максаттарын (ТӨМ) ишке ашыруу боюнча Координациялык комиссиянын катчылыгы;

2. ШКУ экономикалык аналитикалык борборлорунун Консорциумунун ишин камсыздоо;

3. “Ысык-Көл 2023” Эл аралык экономикалык форуму;

4. ЕЭКтин өнүктүрүү институттарынын консорциумдарынын Координациялык кеңешинин ишин камсыздоо;

5. Курултай 2023 китепчесин чыгарууга материалдар;

6. Кыргыз Республикасында сүт жана эт боюнча агрокластерлерди ишке киргизүү үчүн инвестициялык форум .

**Пландалган 34 иш-чаранын ичинен** 28 иш-чара аткарылган. 2 иш-чара жарым-жартылай аткарылган, кийинки жылы ишин улантууга байланыштуу 4 иш-чара аткарылган эмес:

1. Калктын жашоо сапатын жакшыртуу, адамдык потенциалды жогорулатуу, курчап турган дүйнөгө жана адамдарга гуманисттик мамилени калыптандыруу, инсандын адеп-ахлактык негиздерин калыптандыруу, КР калкынын руханий маданиятынын деңгээлин жогорулатуу боюнча «Байтерек" долбоордук сунушун иштеп чыгуу;

2. Чүй облусунда корголуучу “Бурана мунарасы” археологиялык-архитектуралык комплексинин эс алуу паркын куруу боюнча долбоордук сунуштарды иштеп чыгуу (пилоттук);

3. Кыргыз Республикасында зергерчилик тармагын өнүктүрүү потенциалын талдоо;

4. КР жарандары үчүн “Чет элдик жардамчы" мобилдик тиркемесинин концепциясы.

**Аныкталды/Корутунду**

ЭСИИде 2022-жылга карата иш чаралар планын аткарылбаганы - 2, ал эми 2023-жылы – 5 иш чараны түзгөнү аныкталган. Аудитке 2020, 2021-жылдарга карата иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу отчеттор берилген эмес. Ошондой эле, 2022, 2023-жылдарга карата иш-чаралар планынын аткарылбай калган себептери көрсөтүлбөгөндүгү кызматтагы адамдар тарабынан иш чаралардын аткарылышына контролдун жоктугун күбөлөндүрөт.

ЭСИИде методологиялык мамиле, тапшырмалардын аткарылышына, ошондой эле жөнөтүлгөн аналитикалык материалдардын, маалымкаттардын жыйынтыктарын, алардын натыйжалуулугун жана майнаптуулугун баалоо, талдоо жүргүзүлгөн эмес.

Өнүктүрүү программаларынын долбоорлору боюнча ЭСИИ тарабынан берилген сунуштар көпчүлүк учурда иш жүзүндө натыйжасыз калган, кыскасы алар пайдаланылган эмес, же ишке ашырылган эмес.

ЭСИИнин иш-пландарында, иш чараларды ишке ашыруу жол-жоболору аныкталган эмес, өлкөнү кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү өнүктүрүү стратегияларын тандоонун жана негиздүүлүгүнүн системасы жок.

ЭСИИнин ээлеген ордун жана ролун жаңылоонун объективдүү зарылдыгы келип чыккан.

**Сунуштама:**

- иш планын аткаруу боюнча жыйынтык маалымат түзүлсүн;
- жоoптуу адамдар тарабынан тапшырмалардын аткарылышына жетекчиликтин контролдоосу күчөтүлсүн;
- Институт изилдөөлөрдү аткаруунун жүрүшүн талдоо менен жалпысынан иш планынын аткарылышына мониторинг жүргүзсүн;
- жоопту адамдарды аныктоо аркылуу ишти баалоо боюнча комиссияны түзүү менен, Институттун кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун, кызматкерлердин отчетторун, кызматкердин жүктөмү жөнүндө маалыматтарды, ведомстволор аралык жумушчу топторго тартылгандыгын эске алуу менен, эмгектик жана аткаруучулук ишке, ошондой эле демилгелүүлүккө жана креативдүүлүккө коллегиялуу баалоо жүргүзүлсүн;
- иштерди тандоо системасындагы Институттун пландарында кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү, узак мөөнөттүү келечекте өнүктүрүү стратегиясы аныкталсын жана негизделсин, ошондой эле алар ишке ашырылсын;
- эки институтту бириктирүүнүн натыйжасында жаңыланган сунуштамада иш-чараларды (изилдөөлөрдү, иштерди) талдоо, өткөрүү жана натыйжаларды, алардын натыйжалуулугун жана өндүрүмдүүлүгүн баалоону болжолдоо менен методологиялык ыкма түзүлсүн.

**Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит**

***СИУИнин*** “Бюджеттик каражаттын сметасынын аткарылышы жөнүндөгү Ф-№ 2 отчётунун” негизинде 2021-жылдын башында алгачкы сметада жалпысынан бекитилген чыгымдардын суммасы 14 390,1 миң сом болсо, 2022-жылы 14 390,1 миң сом, 2023-жылы 14 669,0 миң сом, 2024-жылы 24 817,1 миң сом. Жыл ичинде өзгөртүү, толуктоолордон кийинки тактaлган сметалык чыгымдардын суммасы 2021-жылы 15 485,0 миң сом, 2022-жылы 14 764,9 миң сом, 2023-жылы 25 257,0 миң сом жана 2024-жылы 24 817,1 миң сом болуп, ал эми кассалык чыгымдар 2021-жылы 14 554,0 миң сомду, 2022-жылы 14 728,7 миң сомду, 2023-жылы 24 396,3 миң сомду, 2024-жылдын 31-мартына 5 773,5 миң сомду түзгөн. Ал эми факты жүзүндөгү чыгымдар 2021-жылы 13 341,2 миң сомду, 2022-жылы 15 491,1 миң сомду, 2023-жылы 23 309,8 миң сомду жана 2024-жылдын 31-мартына 5 773,5 миң сомду түзгөн.

| № | Жылдар | Кассалык чыгымдар | Факты жүзүндөгү чыгымдар | Айрымасы |
|---|---|---|---|---|
| **1** | 2021 | 14 554,0 | 13 341,2 | **1 212,8** |
| **2** | 2022 | 14 728,7 | 15 491,1 | **- 762,4** |
| **3** | 2023 | 24 396,3 | 23 309,8 | **1 086,5** |
| **4** | 2024 | 5 773,5 | 5 773,5 | **-** |

| Бардыгы: | 59 452,5 | 57 915,6 | 1 536,9 |
|---|---|---|---|

2021-жылы эсептелинген факты жүзүндөгү чыгымдарга салыштырмалуу кассалык чыгымдар 1212,8 миң сомго ашыкча чыгымдалган, себеби, жыл аягында коммуналдык чыгымдар боюнча карыздар жабылган.

2022-жылы эсептелинген факты жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 762,4 миң сомго ашыкча чыгымдалган, себеби, кредитордук карыздардын болгондугуна байланыштуу болгон.

2023-жылы эсептелинген факты жүзүндөгү чыгымдарга салыштырмалуу кассалык чыгымдар 1 086,5 миң сомго ашыкча чыгымдалган, себеби, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 12-августундагы №282 жарлыгынын негизинде эмгек акыны кайра эсептөө жүргүзүлгөн.

***ЭСИИнин*** "Бюджеттик каражаттарынын сметасынын аткарылышы жөнүндөгү Ф-№ 2 отчётунун" негизинде төмөнкүдөй болгон:

| № | аталышы | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** | **2024** |
| 1 | бекитилген | 568,2 | 13 945,7 | 21 551,2 | 21960,7 | 21 960,7 |
| 2 | такталган | 568,2 | 13 945,7 | 20 805,2 | 21960,7 | 21 960,7 |
| 3 | кассалык чыгымдар | 518,9 | 9 537,7 | 19 026,3 | 19 303,0 | 7 521,8 |
| 4 | факт жүзүндөгү чыгымдар | 486,8 | 7 034,8 | 19 168,8 | 19 216,6 | 7 770,5 |

**Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит**

Аудит мезгил аралыгына карата СИУИнин сметалык кирешелери жана чыгымдары:

| Жылдар | Аталышы | Смета боюнча такталганы | Касса | Факты жүзүндө | Айрымасы (4-5) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 2021 | Жылдын башындагы калдык | 396,8 | 396,8 | | |
| | **Киреше** | | | | |
| | **Чыгым** | **396,8** | **355,5** | **373,2** | -17,7 |
| | Жылдын аягындагы калдык | | 41,3 | | |
| 2022 | Жылдын башындагы калдык | 41,3 | 41,3 | | |
| | **Киреше** | | | | |
| | **Чыгым** | **41,3** | **41,3** | | |
| | Жылдын аягындагы калдык | | | | |
| 2023 | Жылдын башындагы калдык | | | | |
| | **Киреше** | | | | |
| | **Чыгым** | | | **12,6** | -12,6 |
| | Жылдын аягындагы калдык | | | | |
| 2024 | Жылдын башындагы калдык | | | | |
| | **Киреше** | | | | |
| | **Чыгым** | | | | |
| | Жылдын аягындагы калдык | | | | |

2021-жылы эсептелинген факты жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 17,7 миң сомго ашыкча чыгымдалган, себеби, жыл аягындагы айлык акы боюнча дебитордук карыз калган.

2023-жылы эсептелинген факты жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 12,6 миң сомго ашыкча чыгымдалган, себеби, жыл аягында кымбат эмес эскилиги жеткен буюмдар эсептен чыгарылган.

**Эмгек акы төлөмдөрүнө аудит**

*СИУИнин* аппаратынын штаттык саны **30** бирдикти түзөт, анын ичинен:

-мамлекеттик кызматкерлер - 24 бирдик;

- кенже жана техникалык тейлөөчү кызматкерлер - 6 бирдик.

Эмгек акыларды бекитилген штаттык ырааттаманын негизинде төлөп берүү ыкмаларынын, жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлгөн.

Аудит жүргүзүлгөн учурда төмөндөгүлөр аныкталды.

*СИУИнин* штаттык бирдиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-июнундагы №285 токтому менен бекитилген (азыркы мезгилге чейин өзгөртүү болгон эмес). Штаттык бирдикте:

-директор 1 бирдик;

-директордун орун басары 2 бирдик;

-илимий кызматкер 18 бирдик;

-финансылык менеджер-бухгалтер 1 бирдик;

-администрациялык менеджер 1 бирдик;

-кадр маселелери боюнча менеджер1 бирдик;

-бардык негизги кызматкерлер 24 бирдик.

Кенже жана техникалык тейлөөчү кызматкерлер 6 бирдик.

**Аныкталды 1:**

2021-жылга жалпысынан 10 932,9 миң сомго эмгек маянасы эсептелип төлөнгөн, анын ичинен:

- жетекчи У.Т. Ахметовдун 2021-жылдын 26-августундагы № 43/л буйругу менен үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен сыйлык катары 31 кызматкерге 133,0 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи У.Т. Ахметовдун 2021-жылдын 20-апрелинин № 20/л буйругу менен илимий кызматкер Л.В. Югайга операция болгондугуна байланыштуу, материалдык жардам катары 15,0 миң сом эсептелип төлөнгөн.

2022-жылга жалпысынан 12 671,9 миң сомго эмгек маянасы эсептелип төлөнгөн, анын ичинен:

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 14-февралындагы №5 буйругу менен айдоочу С.К. Джунушевди Советтик аскерлердин Афганистандан чыгарылгандыгынын 33 жылдыгына карата үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен сыйлык катары 8,0 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 22-февралындагы №6 буйругу менен илимий кызматкер Л.В. Югайга операция болгондугуна байланыштуу, материалдык жардам катары 15,0 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 5-апрелиндеги №11 буйругу менен финансылык менеджер-бухгалтер К.М. Абдиеваны Кыргыз Республикасынын бухгалтерлер жана аудиторлор күнүнө карата үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен сыйлык катары 25,2 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 14-майындагы №17 буйругу менен үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен Кыргыз Республикасынын энелер күнүнө карата сыйлык катары 8 кызматкерге 41,0 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 13-апрелинин №14 буйругу менен илимий кызматкер М.С. Иманалиевге операция болгондугуна байланыштуу, материалдык жардам катары 12,8 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 27-июнунун №24 буйругу менен илимий кызматкер К.П. Токторбаевге үй-бүлөлүк шартына байланыштуу, материалдык жардам катары 7,5 миң сом эсептелип төлөнгөн;

- жетекчи Р.Э. Асизбаевдин 2022-жылдын 16-августундагы №37 буйругу менен үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө карата сыйлык катары 20 кызматкерге 190,0 миң сом эсептелип төлөнгөн.

2023-жылга жалпысынан 19 424,1 миң сомго эмгек маянасы эсептелип төлөнгөн жана 2024-жылдын 1-майына чейин жалпысынан 4 856,0 миң сомго эмгек маянасы эсептелип төлөнгөн.

Аудит мезгил аралыгында жетекчилердин буйруктарынын негизинде үнөмдөлгөн эмгек маяналардын эсебинен *СИУИнин* чыгымдар сметасынын эмгек маяналар беренесинде каралбаган 447,5 миң сом суммасында сыйлык төлөмдөрү жана материалдык жардамдар берилген, анын ичинен:

- 397,2 миң сом сыйлык төлөмдөрү;
- 50,3 миң сом материалдык жардамдар.

Мындан тышкары, *СИУИнин* директорунун милдетин аткаруучу Э.К. Чечейбаевдин 2021-жылдын 12-январындагы №1/о буйругуна ылайык Э. Шаршенбек уулуна 35 календардык күнгө эмгек өргүүсү берилген, бирок буга карабастан, *СИУИнин* директору У.Т. Ахметовдун 2021-жылдын 29-июнундагы №24/о буйругуна ылайык, Э. Шаршенбек уулу 35 календардык күнгө кайрадан эмгек өргүүсү берилген, мында чегерүү суммасы 97,5 миң сомду түзгөн.

Мындан улам, *СИУИнин* жооптуу адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 124 жана 125-беренелерин бузуу менен, **97,5 миң сом** суммасындагы акча каражаты негизсиз берилген, б.а. жогоруда көрсөтүлгөн кызматкерге бир жыл ичинде эки жолу эмгек өргүү жана ден соолугун чыңдоого материалдык жардам негизсиз берилген.

**Корутунду**

Баардыгы болуп, аудит мезгил аралыгында кызматкерлерге эмгек акы төлөөдө 545,0 миң сомго бузуулар аныкталды, анын ичинен:

- 397,2 миң сом сыйлык төлөмдөрү;

- 50,3 миң сом материалдык жардамдар;

- бир жыл ичинде эки жолу эмгек өргүү берилип, негизсиз 97,5 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" токтомдорунун талаптары сакталсын, негизсиз сый акыларды төлөөгө жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары кынтыксыз сакталсын жана негизсиз төлөнгөн акча каражаттарга түздөн-түз жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана негизсиз төлөнгөн 97,5 миң сом акча каражаты калыбына келтирилсин.

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:*

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунда бир жыл ичинде эки жолу эмгек өргүү берилип, негизсиз 97,5 миң сом төлөнгөндүгү тууралуу маалымат жөнөтүлсүн.

**Аныкталды**

СИУИ буйруктарына ылайык, аудит жүргүзүлгөн мезгил ичинде төмөнкү кызматкерлер кабыл алынып, иштен бошотулгандыгы аныкталган, алар өз кезегинде иш жүзүндө башка жерлерде иштеген, алардын ичинен:

| | **Аты жөнү** | **СИУИ буйругуна ылайык иштөө мезгили** | | **Эсептелген э/а жана а/Ф** | **СИУИ кызматы** | **Чындыгында ээлеген кызматы** | **СИУИ де аткарылган иштер боюнча отчет** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Кабыл алынган күн** | **Бошотулган күн** | | | | |
| | Шишкараев Эсен Козубаевич | 16.09. 2022 | 17.04. 2023 | 248 377 | Илимий кызматкер | Жалал-Абад областындагы "Абий" ЖЧКсы | Кызматкердин аткарган иши жөнүндө отчет жок |
| | Иманкулова Айзада Нурбекоавна | 29.12. 2022 | 29.04. 2023 | 52 935 | ТОП, Редактор НИСИ | КРСУ мугалими | Кызматкердин аткарган иши жөнүндө отчет жок |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Турдумаматов Алмасбек Имамидинович | 21.08. 2023 | 13.08. 2024 | 272 223 | Илимий кызматкер | КР УБ | Кызматкердин аткарган иши жөнүндө отчет жок |
| | Джапанов Аттокур Асаналиевич | 17.05. 2023 | 06.02. 2024 | 215 908 | Редактор | КРСУ мугалими ж-а "Раритет-С" ЖЧКсы | Кызматкердин аткарган иши жөнүндө отчет жок |
| | Тогусаков Осмон Асанкулович | 16.01. 2023 | 06.02. 2024 | 431 206 | Илимий кызматкер | КР УИА, Ош МУ, БМУ | Кызматкердин аткарган иши жөнүндө отчет жок |
| **Бардыгы:** | | | | **1 220 650** | | | |

Көрсөтүлгөн адамдар иш жүзүндө Институтка келген эмес, ал эми көрсөтүлгөн адамдардын түшүндүрүүсү боюнча иш онлайн форматта аралыктан жүргүзүлгөн, ошол эле учурда Институтта жогоруда аталган адамдардын аралыктан иштөөсү, же иштин онлайн форматына өтүүсү жөнүндө жазуу жүзүндөгү буйругу жок болгон.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 360-2-беренесине ылайык, Эмгек келишиминде иш аралыктан аткарылары жөнүндө сөзсүз көрсөтүлөт.

*СИУИнин* жооптуу адамдары жана кызматкерлердин өздөрү тарабынан, аудитке жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн аралыкта иштеген кызматкерлердин аткарган иштери боюнча отчёттор берилген эмес.

Ошондой эле, аудит тарабынан жогоруда аталган адамдар бир эле учурда эки жана үч жерде иштегендиги аныкталган.

**Корутунду**

*СИУИнин* жетекчилиги КР Эмгек кодексинин талаптарын бузуу менен, аралыкта иштеген кызматкерлер менен эмгек келишимин түзгөн эмес жана аткарылган иштер жөнүндө отчёттору талап кылынган эмес, буга байланыштуу, Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен 1 220,7 миң сом суммасында эмгек акы негизсиз эсептелген.

**Сунуштама**

- Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так сакталсын;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарын бузуу менен, аралыктан иштеген кызматкерлер менен эмгек келишими түзүлбөстөн жана аткарылган иштер жөнүндө отчёттор талап кылынбастан, Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен 1 220,7 миң сом суммасында эмгек акыны негизсиз төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:*

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунда Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен, 1 220,7 миң сом суммасында негизсиз эмгек акы эсептелип төлөнгөндүгү тууралуу маалымат жөнөтүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2022-жылдын 18-апрелиндеги №918-025/5266 катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтуна (мындан ары - Институт) Кытай Эл Республикасынын (мындан ары — КЭР) Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Нотасынын көчүрмөсүнүн негизинде, *СИУИнин* директорунун орун басары А. Темикееваны 2022-жылдын 5-сентябрынан 25-ноябрына чейин Пекин университетинде мамлекеттик башкаруу боюнча семинарга катышууга чакыруу өтүнүч каты менен жөнөткөн.

*СИУИнин* директору Р.Э. Асизбаев 2022-жылдын 25-апрелиндеги №175 каты менен, Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Нотасынын негизинде, ошондой эле КЭРдин Пекин университетине караштуу Билим берүү фондунун демилгеси боюнча Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине Донгфан стипендиясынын алкагында директордун орун басары А. Темикееванын кыска мөөнөттүү курска катышуусу жөнүндө ырастоо катын жөнөткөн.

Андан ары, *СИУИнин* директору Р.Э. Асизбаев 2022-жылдын 24-апрелиндеги № 176 кат менен, тажрыйба алмашуу жана КЭРдин Пекин университетинин алдындагы Билим берүү фонду менен өз ара аракеттенүүнү бекемдөө максатында, КЭРдин Кыргыз Республикасындагы Элчилигине директордун орун басары А. Темикееванын жогоруда аталган курска катышуусу мүмкүн экендигин көрсөткөн.

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, директордун орун басары А. Темикеева *СИУИнин* директору Р.Э. Асизбаевге КЭРдин Пекин шаарына курстарга катышуу үчүн барууга макулдук берүү жөнүндө кызматтык каты бар.

Ошону менен бирге, *СИУИнин* директору Р.Э. Асизбаев тарабынан 2022-жылдын 4-августунда директордун орун басары А. Темикееваны КЭРдин Пекин университетине командировкага жиберүү жана 2022-жылдын 11-августтан 13-декабрга чейин кыска мөөнөттүү окуу мезгилинде эмгек акысын сактабастан окууга жөнөтүү жөнүндө буйрук чыгарылгандыгын белгилейбиз.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 133-беренесинин 9-бөлүгүнө ылайык, иш берүүчүнүн демилгеси боюнча кызматкерди эмгек акысы сакталбастан өргүүгө жиберүүгө жол берилбейт.

Директордун орун басары А. Темикееванын Пекиндеги окуусу билим берүү уюмдарындагы окуу менен ишти айкалыштырган окуу өргүүсү болгон эмес. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 185-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, иш берүүчү кызматкерди иштен ажыратуу менен квалификациясын жогорулатууга жибергенде, анын негизги иштеген жердеги жумуш орду (кызмат орду) жана эмгек акысы сакталат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2023-жылдын 31-мартындагы эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын №

2000577 тиркемесинде август, сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь үчүн жумуш убактысынын табелине ылайык эмгек акыны ар бир мөөнөтү өткөн календардык күн үчүн иш жүзүндө эсептешүү күнүнө карата төлөнбөгөн акчалай сумманын 0,15 пайызын директордун орун басары А. Темикеевага компенсациялоо менен төлөп берүү Институтка милдеттендирилген.

Ошентип, директордун орун басары А.Темикееванын 2022-жылдын 11-августунан 13-декабрына чейин кыска мөөнөттүү окууда жүргөн мезгилинде Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жогоруда аталган ченемдерин бузуу менен, Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен 281,3 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген эмес.

**Корутунду**

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 185-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, директордун орун басары А. Темикеева 2022-жылдын 11-августунан 13-декабрына чейин кыска мөөнөттүү окууда жүргөн мезгилинде Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен, 281,3 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген эмес.
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдындагы эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө кызматынын 2023-жылдын 31-мартындагы жазма буйругу аткарылган эмес.

**Сунуштама**

- Мындан ары Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары сакталсын;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдындагы эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын 2023-жылдын 31-мартындагы жазма буйругу эске алынсын. Директордун орун басары А. Темикееванын 2022-жылдын 11-августунан 13-декабрына чейин кыска мөөнөттүү окууда жүргөн мезгилинде Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен, 281,3 миң сом суммасында эмгек акысын төлөө мүмкүнчүлүгү каралсын.

***ЭСИИ боюнча:***

*ЭСИИнин* жобосунун негизинде аппараттын штаттык саны 20 бирдикте бекитилген.

Эмгек акылар, бекитилген штаттык ырааттаманын негизинде төлөп берүү ыкмаларын, жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлгөн.

Аудит мезгил аралыгындагы *ЭСИИнин* эмгек маянасы

| № | жылдар | штат/сан | эсептелген сумма | кармалган сумма | төөлөгө |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2020 | 2 | 415161,90 | 77320,8 | 230725,1 |
| 2 | 2021 | 20 | 6070153,84 | 1218046,67 | 4852137,13 |
| 3 | 2022 | 20 | 15391572,99 | 12722027,4 | 2669545,8 |
| 4 | 2023 | 20 | 15 475532,18 | 2832610,02 | 12642922,05 |
| 5 | 2024 | 20 | 7 341896,98 | 1279129,9 | 6062767,08 |

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө ЭСИИнин жумуштан бошогон кызматкерлери менен акыркы эсептешүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30 майындагы №238 "Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөө институтунун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун 2-пунктун бузуу менен 1130,4 миң сом анын ичинен: 2022-жылы 13 кызматкерге 830,7 миң сом суммасында; 2023-жылы 2 кызматкерге 175,7 миң сом суммасында; 2024-жылы 2 кызматкерге 124,0 миң сом суммасында ден соолукту чыңдоого жөлөкпул төлөнүп берилгени аныкталган, б.а. токтомго ылайык кызматкерлер эмгек өргүүсүнө чыкканда гана ден соолукту чыңдоого жөлөкпул төлөнөт.

**Корутунду**

ЭСИИ тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-майына чейинки мезгил аралыгында жалпы 1 130,4 миң сом суммасында эмгек акылар негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:*

Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөө институтунун жумуштан бошогон кызматкерлери менен акыркы эсептешүүдө жалпы 1 130,4 миң сом суммасында ден соолукту чыңдоого жөлөкпул негизсиз төлөнгөндүгү жөнүндө маалымат жөнөтүлсүн.

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына*

**Иш сапар чыгымдарынын эсептелишине жана төлөнүшүнө жүргүзүлгөн аудит**

Аудит жүргүзүлгөн мезгил үчүн бардыгы болуп 1 025,8 миң сом суммасында иш сапарларга чыгымдар жүргүзүлгөн, алардын ичинен:

*2021-жылга иш сапар чыгымдарын талдоо*

| | Аты-жөнү | Каякка | Күндөр | Убакыт | Транспорттук чыгымдар | Мейманкана чыгымдары | Күнүмдүк чыгымдар | Бардык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ахметов У. | Татарстан, Казань | 9 | Апрель | 35000 | 41610 | 47488 | 124098 |
| | Ахметов У. | Белорусь, Минск | 5 | Май | 82954 | 7808,14 | 16682 | 107444,14 |
| | Маматисаев Т.А. | Баткен жана Ош областы | 8 | Сентябрь | 14546 | 16400 | 3500 | 34446 |
| | Тологонов Э. | Баткен жана Ош областы | 8 | | 12053 | 16400 | 3500 | 31953 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Убышев Э. | Баткен жана Ош областы | 8 | | 10500 | 16400 | 3500 | 30400 |
| | Чечейбаев Э.К. | Өзбекстан, Ташкент | 2 | Октябрь | | | 8480 | 8480 |
| | Ахметов У. | Туркия, Анкара | 5 | Октябрь | | | 15603,2 | 15603,2 |
| | Асизбаев Р.Э. | ? | 3 | Декабрь | | | 10515,1 | 10515,1 |
| | Чечейбаев Э.К. | Өзбекстан, Ташкент | 3 | Декабрь | 7199,32 | | 7632 | 14831,32 |
| 0 | Югай Л.В. | Өзбекстан, Ташкент | 2 | | 6220,32 | | 7632 | 13852,32 |
| 1 | Темикеева А. | Баткен, Жалал-Абад жана Ош областы | 6 | | 8000 | 7500 | 3000 | 18500 |
| | **Бардыгы** | | **9** | **0** | **176472,6** | **106118,1** | **127532,3** | **410 123,08** |

*2022-жылга иш сапар чыгымдарын талдоо*

(сом)

| | Аты-жөнү | Каякка | Күндөр | Убакыт | Транспорттук чыгымдар | Мейманкана чыгымдары | Күнүмдүк чыгымдар | Баардык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Омуркулов А., Тологонов Э., Убышев Э. | Баткен жана Ош областы | 8 | Май | 26658 | 65100 | 12000 | 103758 |
| | Тологонов Э. | Өзбекстан, Ташкент | 3 | Февраль | | | 12029 | 12029 |
| | Осмонбетов Э.К. | Туркия, Анкара | 3 | Май | | | 15321 | 15321 |
| | Асизбаев Р.Э. Маматисаев Т.А. | Монголия, Улан-Батор | 2 | Июнь | | | 18446 | 18446 |
| | Асизбаев Р.Э. | Казакстан, Нур-Султан | 2 | Июль | | | 8745 | 8745 |
| | Темикеева А.К. | Казахстан, Нур-Султан | 2 | Июль | | | 8745 | 8745 |
| | Осмонбетов Э.К. | Өзбекстан, Ташкент | 1 | Июль | | | 3643 | 3643 |
| | Канатбек Азиз | Өзбекстан, Ташкент | 3 | Октябрь | 22662 | | | 22662 |
| | **Бардыгы:** | | | | **49320** | **65100** | **78929** | **193 349** |

*2023-жылга иш сапар чыгымдарын талдоо*

| | Аты-жөнү | Каякка | Күндөр | Убакыт | Транспорттук чыгымдар | Мейманкана чыгымдары | Күнүмдүк чыгымда | Баардык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Канатбек Азиз | ОАЭ, Дубай | 3 | Февраль | | | 14317,05 | 14317,05 |
| | Канатбек Азиз | Өзбекстан, Ташкент | 2 | Апрель | 77544 | 15753,6 | 7876,8 | 101174,4 |
| | Канатбек Азиз | РФ, Сочи | 2 | | | 31492,08 | 18370,38 | 49862,46 |
| | Омуров С.М. | Өзбекстан, Ташкент | | Июль | 27500 | | | 27500 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Байгуттиева Ж.Ж. | Өзбекстан, Ташкент | | Июль | 27500 | | | 27500 |
| | Канатбек Азиз | | | Октябрь | 7000 | | 500 | 7500 |
| | **Бардыгы:** | | | | | | | **227 853,91** |

*2024-жылга иш сапар чыгымдарын талдоо*

| № | Аты-жөнү | Каякка | Күндөр | Убакыт | Транспорттук чыгымдар | Мейманкана чыгымдары | Күнүмдүк чыгымдар | Баардык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Омуров С.М. | КЭР .Шеньчжень шаары | 5 | март | 100870 | 61427,18 | 32194,8 | 194492 |

**ЭСИИде** аудиттелген мезгил үчүн бардыгы болуп 1 025,8 миң сом суммасында командировкалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Иш сапарларга болгон чыгымдарга аудит жүргүзүүдө дал келбестиктер аныкталган жок.

**Аныкталды**

**1.** *СИУИнин* директорунун 2022-жылдын 20-июнундагы № 8-к буйругуна ылайык, *СИУИнин* директору Р.Э. Асизбаев жана директордун орун басары А.К. Темикеева 2022-жылдын 28-июнунан 1-июлуна чейин эл аралык конференцияга катышуу үчүн, Казакстан Республикасынын Нур-Султан шаарына жөнөтүлгөн. Казакстандын стратегиялык изилдөөлөр институтунун 2022-жылдын 30-майындагы № 02-12-217-И катына ылайык, эл аралык конференциянын катышуучуларынын бардык чыгымдары иш-чаранын уюштуруучулары тарабынан жабылат, анын ичинде эл аралык авиа учуу, жашаган жери жана тамак-ашы.

Бирок буга карабастан, *СИУИнин* бухгалтериясы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен, жогоруда аталган 2 кызматкерге **17,5 миң сом** өлчөмүндө суткалык чыгымдар негизсиз төлөнүп берилген (55$*2күн=110$ *2киши=220$*79,5 курс$=17,5 миң сом).

**2**. *СИУИнин* директорунун 2022-жылдын 22-июлундагы № 10-к буйругуна ылайык, *СИУИнин* илимий кызматкери Э.К. Осмонбетов 2022-жылдын 25-27-июлуна чейин эл аралык конференцияга катышуу үчүн, Өзбекстан Республикасынын Ташкент шаарына жөнөтүлгөн. Өзбекстан Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин катына ылайык, эл аралык конференциянын катышуучуларынын бардык чыгымдары иш-чаранын уюштуруучулары тарабынан жабылат, анын ичинде эл аралык авиа учуу, жашаган жери жана тамак-ашы.

Бирок буга карабастан, *СИУИнин* бухгалтериясы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен, жогоруда аталган кызматкерге **3,6 миң сом** өлчөмүндө суткалык акы негизсиз төлөнүп берилген (45$*80,96 курс$=3,6 миң сом).

**3**. *СИУИнин* директорунун 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 2 буйругуна ылайык, *СИУИнин* илимий кызматкерлери Тологонов Э.Б., Убышев Э.Дж. жана Омуркулов А.К. 2022-жылдын 17-24-майына чейин Кыргыз

Республикасынын Баткен жана Ош облустарына сурамжылоо жүргүзүү максатында иш сапарына жөнөтүлгөн.

Жалпысынан аталган адамдардын иш сапар чыгымдарына 103,8 миң сом чыгымдалган.

| **Аты-жөнү** | **Каякка** | **Күндөр** | **Транспорттук чыгымдар** | **Мейманкана чыгымдары** | | **Күнүмдүк чыгымдар** | | **Баардык чыгымдар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сумма | күндөр | сумма | күндөр | сумма | сом |
| Омуркулов А., Тологонов Э., Убышев Э. | Баткен Ош областы | 8 | 26 658 | 6 | 65 100 | 8 | 12 000 | 103 758 |

*СИУИнин* командировкага жиберилген кызматкерлерине авиа учуулардан тышкары, Баткен облусунан Ош облусуна чейинки таксилердин чыгымдарына 6,2 миң сом (2070 сом*3киш.) төлөнгөндүгү аныкталды. Маалымат катары облустар ортосундагы аралык 236 км.ди түзөт.

Ченемдерге ылайык, үч кызматкерге 236 км үчүн транспорттук чыгымдар 810 сомду түзөт, бир адамга 270 сом эсебинде (100км=88сом + 136км=182 сом).

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылардан улам, аудиттелген мезгил үчүн 5,4 миң сом суммасында негизсиз акча каражаты эсептен чыгарылгандыгы аныкталды (факт 6,2 миң сом- ченем 0,8 миң сом).

Мындан тышкары, иш жүзүндө кызматкерлердин Ош облусунда болуу мезгилинде мейманкана чыгымдарына 31,5 миң сом сарпталган, аудит тарабынан командировкага жиберилген кызматкерлердин тастыктоочу документтеринде турак жайды жалдоо боюнча документтер жок экендиги аныкталды, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26–августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, турак жайды жалдоого акы төлөө тиешелүү документтер менен тастыкталган иш жүзүндөгү чыгымдар боюнча жүргүзүлөт. Тастыктоочу документтер жок болгон учурда турак жайды жалдоо боюнча чыгымдар суткалык чыгымдардын нормасынын 50 пайыз өлчөмүндө орду толтурулат, же мейманкана чыгымдарынын суммасы иш жүзүндө 2,3 миң сом берилиши керек болчу (250 сом*3 күн *3киши).

Жогоруда көрсөтүлгөн фактыларга таянып, аудит мезгили үчүн мейманканалык чыгымдарга 29,2 миң сом суммасында негизсиз акча каражаты эсептен чыгарылгандыгы аныкталды (факт 31,5 миң сом – ченем боюнча 2,3 миң сом).

Бардыгы болуп, 3 кызматкердин Баткен жана Ош облустарына иш сапарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен, **34,6 миң сом** акча каражаты эсептен негизсиз чыгарылган.

**4.** *СИУИнин* директору Азиз Канатбек 2023-жылдын 6-июнунда, бир күндүк иш сапарга Ош облусуна барып келген жана бухгалтерия тарабынан жол киреге жана бир күндүк тамактанууга 7,5 миң сом өлчөмүндө акча каражат бөлүнүп берилген.

Берилген аванстык отчётторго ылайык, *СИУИнин* директоруна иш сапарына барууга негиз жок болгон, б.а. Ош шаарына иш сапар жөнүндө буйрук жок, ошондой эле иш сапар күбөлүгү жок экендиги аныкталды.

Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, **7,5 миң сом** суммасындагы акча каражаты бухгалтерия тарабынан негизсиз эсептен чыгарылган.

**Корутунду**

Баардыгы болуп, аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында кызматкерлерди ички жана тышкы иш сапарларга жиберүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптары бузулуп, 63,2 миң сом негизсиз төлөнүп берилгендиги аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун талаптары кынтыксыз сакталсын. Негизсиз төлөнүп берилген командировкалык чыгымдарга түздөн-түз жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана 63,2 миң сом суммасындагы акча каражаты калыбына келтирилсин.

## Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит

СИУИ 2023-жылдын 20-декабрындагы №32 буйругунун негизинде негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлгөн. Инвентаризациялоонун натыйжасында ашыкча жана кем чыгуулар аныкталган эмес.

ЭСИИнин 2024-жылдын 7-майындагы №16 буйругунун негизинде негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлгөн. Инвентаризациянын жүрүшүндө ашыкча жана кем чыгуулар аныкталган жок.

**Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамдарынын талаптарынын аткарылышына аудит**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3 апрелиндеги №72 жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдарынын 11,12-беренелерине ылайык, СИУИ жана ЭСИИ 2021-2024-жылдарга карата мамлекеттик сатып алуулар планы өз убагында бекитилип, пландарга жыл ичинде өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен иш алып барылган жана жетекчи тарабынан бекитилген.

**СИУИ** тарабынан 2021-жылы 291,7 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 277,0 миң сомго 10 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 14,7 миң сомду түзгөн.

2022-жылга жалпысы 321,0 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 164,7 миң сомго 8 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 156,3 миң сомду түзгөн.

2023-жылга жалпысы 619,9 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 371,1 миң сомго 8 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 248,4 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-майына карата жалпысы 117,2 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 80,0 миң сомго 5 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 37,2 миң сомду түзгөн.

**ЭСИИ** тарабынан 2021-жылы 3 121,3 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 3 047,4 миң сомго 19 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 73,9 миң сомду түзгөн.

2022-жылга жалпысы 288,4 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 260,6 миң сомго 9 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 27,8 миң сомду түзгөн.

2023-жылга жалпысы 378,7 миң сомго тендер жарыяланган, анын ичинен жалпы суммасы 294,3 миң сомго 9 мамлекеттик сатып алууларга келишим түзүлгөн, үнөмдөлгөн акча каражаты 84,3 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-майына карата мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн эмес.

**Аныкталды/корутунду**

*ЭСИИнин* сатып алуу бөлүмүнүн функциялары башкы бухгалтерге жүктөлгөндүгү аныкталган, буга байланыштуу "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренеси бузулган, анда: "*Сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм сатып алуулар бөлүмүн түзөт же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөйт"* деп белгиленген. Ошондой эле, контракты администрациялоону кызыкчылыктардын кагылышуусунун жогорку тобокелдиги бар мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырган адам жүргүзгөн, буга байланыштуу жогоруда аталган мыйзамдын 48-беренеси бузулгандыгы аныкталган.

**Аныкталды/Корутунду**

2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренеси бузулуп, *СИУИнин* сатып алуу бөлүмү түзүлгөн эмес, же бөлүмдөрүнүн бирине жүктөлгөн эмес, сатып алуу бөлүмүнүн функциялары кызматкерлердин бирине жүктөлгөн.

Мындан тышкары, контрактты администрациялоодо кызыкчылыктардын кагылышуусунун жогорку тобокелдиги бар мамлекеттик сатып алууларды

жүзөгө ашырган адам жүргүзгөн, буга байланыштуу, жогоруда аталган Мыйзамдын 48-беренеси бузулгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9 жана 48-беренелеринин талаптары так сакталсын.

**Кызматтык транспорт каражаттарын пайдаланууга аудит**

СИУИ балансында 2021-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 1-майына карата жалпысынан 2 даана автоунаа бар. Алардын ичинен:

| **№** | **Аталашы** | **Мам.номер** | **Авто. саны** | **Чыгарылган жылы** | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | Форд фокс | 01kg076AC | 1 | 2019 | Кызматтык |
| | Тойота Камри | 01kg226AL | 1 | 2005 | Иштебеген абалда |

Аудит мезгил аралыгында бардыгы болуп, 287,9 миң сом суммасындагы 5 009,35 литр күйүүчү майлоочу материалдар эсептен чыгарылган.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарга жүргүзүлгөн аудит**

***СИУИнин*** 2021-жылга түзүлгөн балансынын 6-тиркемесинде көрсөтүлгөндөй, бухгалтердик эсепке алуу жана отчёттордун маалыматына ылайык, 01.01.2021-жылга карата *дебитордук карыздардын* суммасы - 16,9 миң сомду, 01.01.2022-жылга карата - 12,7 миң сомду, 01.01.2023-жылга карата - 11,1 миң сомду, 01.01.2024-жылга карата 8,5 миң сомду түзгөн.

*Кредитордук карыздардын* суммасы 01.01.2021-жылга карата 1 726,4 миң сомду, 01.01.2022-жылга карата 497,9 миң сомду, 01.01.2023-жылга карата 1 243,2 миң сомду, 01.01.2024-жылга карата 190,5 миң сомду түзгөн.

***ЭСИИнин*** 2021-жылга түзүлгөн балансынын 6-тиркемесинде көрсөтүлгөндөй бухгалтердик эсепке алуу жана отчёттордун маалыматына ылайык, 01.01.2022-жылга карата *дебитордук карыздардын* жалпы суммасы 102,5 миң сом жана 01.01.2023-жылга 10,9 миң сомду түзгөн.

01.01.2022-жылга карата *кредитордук карыз* - 0,2 миң сомду, 01.01.2023-жылга - 497,9 миң сом, 01.01.2023-жылга - 1 243,2 миң сом, 01.01.2024-жылга 190,5 миң сомду түзгөн.

***СИУИде*** жана ***ЭСИИде*** бухгалтердик эсепке алуу жана отчёттордун маалыматтарын, казына китепчесинен алынган көчүрмөлөрдү салыштыруунун, ошондой эле өз ара эсептешүү актыларына жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, бухгалтердик эсепке алууда дебитордук карыздарды жашыруу жана кредитордук карыздарды негизсиз ашыруулар аныкталган жок.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалына аудит**

Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышы жана атайын каражаттардын кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышы боюнча №2 форма жана №4 формадагы отчёттору бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн "мемориалдык ордер" формасында ишке ашырылган. Бухгалтердик баланс жүгүртүүдөгү ведомосттордон келип чыккан отчеттук

маалыматтардын негизинде түзүлгөн. Жалпысынан алганда, башкы бухгалтерлер тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузууларды эске алганда, финансылык отчеттуулуктун абалы **СИУИде** канааттандырарлык деңгээлде жүргүзүлгөн эмес, ал эми **ЭСИИде** канааттандырарлык деңгээлде жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **П.С. Батиров**